

# Е-9 визасы менен келген чет өлкөлүк жумушчулар үчүн кырсыктан сактануу жана жаназасына жардам көрсөтүү боюнча маалымат баракчасы

*Кореяда жашап жаткан кезинде каза болгон чет өлкөлүк жумушчулар үчүн жардам көрсөтүү жана жаназасын өткөрүүнүн жол-жоболору, жаназага акчалай жардам көрсөтүү системасы жөнүндө маалымат.*

## 1 Өлүмдү каттоодон өткөрүү

Тийиштүү аймакта жайгашкан полиция участогу · Жумуш менен камсыз кылуу борбору · Элчилик

- **Жумуш менен камсыз кылган тарап**
  Чет өлкөлүк жумушчу каза болсо, полицияга (119) же жумуш менен камсыз кылган борборго кабар берүү зарыл
- **Полиция жана жумуш менен камсыз кылуу борбору**
  Элчиликке каза болгон адам жөнүндө кабар берүү. Каза болгон адамдын туугандарын Кореяга чакыруу же ишеним (чет өлкөлүк жумушчулардын тобу ж.б) ыйгаруу аркылуу иштн алып баруу процесси

## 2 Кырсык болгон жерди изилдөө

Кырсыктын болгон окуясы, себептери · Күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү

- Полиция кырсыкты изилдеп, жыйынтыгын жумуш менен камсыз кылган завод башкармалыгына же элчиликке (туугандарына) билдирет, ал эми жумуш менен камсыз кылуу борбору тийиштүү органдарга билдирүү жасайт

| Форма | Тийиштүү орган | Жардам катары берилүүчү пункттар |
|---|---|---|
| Жумуш убагында болгон кырсык | Корея жумушчуларга көмөк көрсөтүүчү борбору | Жумуш убагында болгон кырсыкка жөлөкпул төлөнөт (орточо эмгек акынын 1300бир бөлүгү) |
| Кырсык | Самсунгхваже | Кырсыктан өлгөн адамга акчалай жардам (30,000,000вонго чейин) төлөнөт |
| Ооруудан улам пайда болгон кырсык | Самсунгхваже | Ооруп өлгөн адамга (15,000,000 вонго чейин) акча төлөнүп берилет |
| Өз жанын кыюу, тууган уругу жок жалгыз өлгүмгө учураган кырсык | Элчилик | (Жаназа өткөрүүчү компания) Жаназанын процессин баштоо (Мекеме) Жаназага кеткен чыгымдарды сурап алуу * тастыктоочу кагаздар кошулат |
| | HRD | Эсеп-кысап төлөмдөрдү берүү (3,000,000вондун тегерегинде акчалай жардам 14 күндүн ичинде берилет) |

## 3 Жаназаны өткөрүү процесси

Өлгөн адамдын туугандары менен макулдашуу · Кремациялоо, сөөктүн тийиштүү буюмдарын ырастап тактоо · Сөөктү жөнөтүү ж.б.

- Элчилик (же ишеним алган уюм) өлгөн адамдын туугандарынан кремацияга же өлүктү жөнөтүү боюнча өтүнүч катын алып, туугандарынын чечимине жараша, Кореяда жайгашкан жаназа өткөрүү компаниясы аркылуу сөөктү жөнөтөт.

Туугандары жаназага кетүүчү каражаттарды (жаназа) табуу оор болсо элчиликтерде берилүүчү акчалай жардамдын стандарттарын колдонот

- жаназа (2,000,000вондун тегереги)
- Кремация (100,000ден 1,000,000вон)
- Бальзамдоо (2,500,000вондон 5,000,000вон)
- Сөөктү жеткирүү (400,000вондон 1,000,000вон)
- Сөөктү жеткирүү (600,000вондон 1,500,000вон)

## 4 Страховка (коопсуздук төлөм) жана маянаны төлөө

Жумушчунун маянасы · Чет өлкөлүк жумушчу

- Өлүмдүн түрүнө жараша тийиштүү органдардан берилген страховка (коопсуздук төлөм) жана башка маяна, Кореядан кетип бара тканда берилүүчү авиабилеттин акчасы, 13-чү айлык, пенсия (катталган болсо) берилет

Страховка(коопсуздук төлөмгө) катталуу: завод башкармалыгы, элчилик, өлгөн адамдын туугандары (же туугандарынын уруксаты, ишенимин алган уюм) ж.б.

- 13-чү айлык (Катталган күндөн 1 жыл ашык бир заводдо иштеген жумушчу ала алат)
- Кореядан кетип баратканда берилүүчү авиабилеттин акчасы (Мамлекетке жараша 400,000 вондон 600,000вондун тегерегинде)
- Айлыгын иштеген жеринен төлөнбөй калган кезде кепилдик беүүчү страховка (коопсуздук төлөм) (айлыгын бербеген болсо 2,000,000вондун тегереги)
- Айлык (Иштеген мөөнөтүн эсептөө)
- Улуттук пенсия (катталган болсо)

고용노동부
한국산업인력공단
HUMAN RESOURCES DEVELOPMENT SERVICE OF KOREA



# Өз жанын кыйган, тууган уругу жок өлгөн адамдарга жаназа төлөму төлөнүп берүү

## боюнча негизги маалымат

- Кореяда жашап жаткан чет өлкөлүк жумушчу өз жанын кыйып же тууган уругу жок өлгөн адамга жаназа чыгымдарына сарпталуучу 3,000,000вон акчаны, б.а. так жаназага кетүүчү акчаны гана төлөп берүү системасы.

## Жардамды кимдер алышат

- Е-9 визасы менен келип, өз өмүрүнө жан кыйган же тууган уругу жок өлүп калган жумушчулар

## Жардам катарында берилүүчү акчанын саны

- 3,000,000 вон

  * Кремация, бальзамдоо, өлүктү жөнөтүү ж.б. реалдуу керектелүүчү жаназа чыгымдарына 3,000,000вондун тегерегинде берилет

## Жардам катары берилүүчү акчаны алуу үчүн арыз берүү жана алуу

- Арыз берилүүчү жер: Иштеп, жашап жаткан аймактагы жергиликтүү HRD офиси
- Каттоого арыз берүүчү мекеме: Элчилик

Жаназаны өткөрүү жолдорун бүткөндөн кийин жаназага жардам катары берилүүчү акчаны алууга арызды жана аны тастыктоочу кагаздарды даярдар HRD офисине тапшырат

## Тапшырылуучу кагаздар

- **Жаназага кетүүчү чыгым**

  жаназага жардам катары берилүүчү акчаны алууга арыз, Өлгөндүгү тууралу күбөлүк же патологоанатомиялык текшерүү күбөлүгү, жаназага кеткен акчанын квитанциясы, банк китепчеси (элчиликке берилген кезде), жаназа өткөргөн компаниянын лицензиясы жана банк китепчесинин копиясы (компанияга берилген кезде)

- **Өлүктү жөнөтүү**

  жаназага жардам катары берилүүчү акчаны алууга арыз, өлүктү жөнөтүү (болжол) боюнча тастыктоо кагаздары, бальзамдоо боюнча тастыктоо кагазы

## боюнча мекеменин дареги

| Мекеменин аты | Аткарган иши жөнүндө маалымат | Дареги |
|---|---|---|
| Эмгек менен камсыз кылуу борбору | Иш учурунда болгон кырсыкты текшерүү | ☎ 1350 |
| Корея жумушчуларды көмөк көрсөтүү кызмат көрсөтүү борбору | Иш учурунда болгон кырсык страховка (коопсуздук төлөм)сын төлөп берүү | ☎ 1588 - 0075 |
| Улуттук пенсия фонду | Улуттук пенсияны бардык суммасын бир беруу | ☎ 1355 |
| Самсунгхваже кырсыктан сактоо страховкасы (коопсуздук төлөмү) | 13-чу айлык жана Кореядан кетээрде кайтарып берүүчү коопсуздук төлөм | ☎ 02 - 2261 - 8400 |
| Чет өлкөлүк жумушчуларга консультация берүү борбору | Көп тилдерде которуу, консультация бекер берилет Өз өмүрүн кыйгандарга өлүгүн жөнөтүүгө жардам катары акча берүү жөнүндө маалымат | ☎ 1577 - 0071 |



고용노동부 한국산업인력공단 HUMAN RESOURCES DEVELOPMENT SERVICE OF KOREA